**«Кредит боюнча өз пайыздык чениңизди тандаңыз» стимулдаштыруучу акциясын өткөрүүнүн шарттары жана эрежелери**

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Ушул эрежелер «Кредит боюнча өз пайыздык чениңизди тандаңыз» аттуу стимулдаштыруучу акцияны (мындан ары — «Акция») өткөрүүнүн тартибин аныктайт. Акцияны «Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАК (мындан ары — «Банк») өткөрөт. Банк Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан 2017-жылдын 22-июнунда берилген № 035 лицензиясынын негизинде иш жүргүзөт.

1.2. Ушул Акцияны өткөрүүнүн эрежелери Акцияны өткөрүүнүн шарттарын жана тартибин, анын ичинде катышуунун шарттарын, өткөрүү мөөнөттөрүн, катышуучулар тарабынан тандалган пайыздык ченди аныктоо тартибин, ошондой эле Акциянын башка маанилүү шарттарын белгилейт. Ушул эрежелер Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398-беренесине ылайык ачык оферта болуп саналат. Кардардын ушул эрежелерге толук жана эч кандай шартсыз кошулган (акцепт берген) учуру болуп, Акциянын колдонуу мөөнөтүндө онлайн-кредитти тариздөө боюнча аракеттерди жасаган учур эсептелет. Кардардын эрежелерди кабыл алышы анын ушул эрежелердин колдонуудагы редакциясы менен таанышкандыгын тастыктоо үчүн жетиштүү болуп саналат.

1.3. Акцияга катышуу ыктыярдуу болуп саналат.

1.4. Акцияга катышуу менен кардар ушул Шарттарга макул экендигин тастыктайт.

**2. Акциянын катышуучулары**

2.1. Акциянын катышуучусу болуп онлайн-кредит тариздөө үчүн Банктын талаптарына жооп берген Банктын кардары боло алат.

2.2. Акцияга онлайн-кредит алуу мүмкүнчүлүгү боюнча Банктын текшерүүсүнөн ийгиликтүү өткөн кардарлар гана катыша алышат.

2.3. Бир кардар бир календардык күндүн ичинде Акцияга катышуу үчүн бир гана активдүү өтүнмөгө ээ боло алат.

**3. Акцияны өткөрүү мөөнөтү**

3.1. Акцияга катышуу үчүн өтүнмөлөр күнү-түнү кабыл алынат.

Акциянын биринчи күнү Акция башталган учурдан тартып ошол эле күндүн саат **18:00гө** чейинки мезгил болуп эсептелет.

Ар бир кийинки акция күнү мурунку акция күнүнүн **18:01инен** башталып, кийинки күндүн **18:00үнө** чейин созулат.

3.2. Саат **18:00дөн кийин** келип түшкөн өтүнмөлөр автоматтык түрдө Акциянын кийинки күнүндөгү кароого кошулат.

3.3. Акцияны өткөрүүнүн жалпы мөөнөтү: **2026-жылдын 3-августунан тартып 2026-жылдын 31-октябрына чейин** (кошо алганда).

**4. Катышуунун тартиби**

Акцияга катышуу үчүн кардар төмөнкү аракеттерди аткарышы керек:

- Банктын мобилдик тиркемеси аркылуу онлайн-кредитке өтүнмө тариздөө;

- кредиттин суммасын жана мөөнөтүн тандоо;
- Банк тарабынан белгиленген диапазондун чегинде каалаган пайыздык ченди тандоо;
- Акцияга катышуусун ырастоо.

Өтүнмөлөрдү кабыл алуу мөөнөтү аяктаганга чейин кардар тандаган пайыздык ченди чектөөсүз санда өзгөртө алат.

Өтүнмөлөрдү кабыл алуу мөөнөтү аяктаган учурда акыркы жолу ырасталган пайыздык чен акыркы болуп эсептелет жана кароого катышат.

**5. Пайыздык чен**

5.1. Кардар Банк тарабынан белгиленген 0%дан 19,99%га чейин, 0,5% кадам менен пайыздык ченди өз алдынча тандайт.

5.2. Минималдуу жана максималдуу пайыздык чендер Банк тарабынан аныкталат жана мобилдик тиркемеде көрсөтүлөт.

5.3. Пайыздык ченди өзгөртүү Банк тарабынан белгиленген диапазондун чегинде жүргүзүлөт.

**7. Катышуунун жыйынтыктары**

7.1. Өтүнмөлөрдү күн сайын иштеп чыгуунун жыйынтыгы боюнча кардарга анын өтүнмөсү жактырылганы же четке кагылганы жөнүндө push-билдирүү жөнөтүлөт.

7.2. Эгер өтүнмө акциялык пайыздык чен боюнча жактырылган өтүнмөлөрдүн катарына кирсе, кредит кардар тандаган пайыздык чен менен таризделиши мүмкүн.

7.3. Кардардын суроо-талабы боюнча жактырылган акциялык пайыздык чен ал аныкталган учурдан тартып 24 саат бою колдонулат.

7.4. Эгер кардар көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде кредитти тариздөөнү аягына чыгарбаса, акциялык пайыздык чен боюнча жактырылган өтүнмө өз күчүн жоготот.

**8. Жеңүүчүлөрдүн катарына кирбеген өтүнмөлөр**

8.1. Эгер кардардын өтүнмөсү Акция өткөрүлүп жаткан учурдагы күндө жактырылган өтүнмөлөрдүн катарына кирбесе, бирок кардар Акцияга катышкан болсо, ага Акциянын алкагында колдонулуучу Банктын акциялык пайыздык чени боюнча, тактап айтканда, кайрылган учурдагы Банктын колдонуудагы стандарттык пайыздык ченинен 1 пайыздык пунктка төмөн пайыздык чен менен кредит тариздөө сунушталышы мүмкүн.

Мисалы, эгер онлайн-кредит боюнча стандарттык пайыздык чен жылдык 19,99%ды түзсө, кардарга жылдык 18,99% өлчөмүндөгү төмөндөтүлгөн пайыздык чен сунушталат.

8.2. Мындай сунуш жыйынтыктар аныкталган учурдан тартып 24 саат бою жарактуу болот.

8.3. Эгер кардар көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде кредитти тариздөөнү аягына чыгарбаса, сунуш өз күчүн жоготот.

**9. Катышуучуга көрсөтүлүүчү маалымат**

9.1. Акцияга катышуу учурунда кардарга анын жеке өтүнмөсүнүн параметрлери жөнүндө маалымдамалык маалымат, анын ичинде өтүнмөлөрдү кабыл алуу аяктаганга чейин калган убакыт, тандалган пайыздык чен жана башка маалыматтар көрсөтүлүшү мүмкүн.

9.2. Көрсөтүлүүчү маалымат маалыматтык мүнөздө гана болуп, кардардын өтүнмөсүнүн параметрлеринин негизинде автоматтык түрдө түзүлөт жана Акцияга катышуунун жыйынтыгы боюнча божомол, Банктын милдеттенмеси же кепилдиги болуп саналбайт.

**10. Акция төмөнкүлөргө жайылтылбайт:**

- мөөнөтү узартылган жана реструктуризацияланган кредиттерге;
- Банктын кызматкерлерине, ошондой эле Банк менен байланышкан жактардын кызматкерлерине, алардын жубайларына жана жакын туугандарына;
- ушул Эрежелердин шарттарын аткарбаган жактарга;
- анык эмес маалыматтарды берген жактарга;
- Акциянын шарттарын манипуляциялоого багытталган аракеттерди жасаган жактарга;
- аралыктан идентификациялоо жана верификациялоо жол-жобосунан өткөн кардарларга;
- билим берүү максатындагы онлайн-кредиттерге.

**11. Тараптардын укуктары жана жоопкерчилиги**

**11.1. Акциянын катышуучусунун укуктары жана милдеттери.** Катышуучу төмөнкүлөргө укуктуу: Акциянын шарттары жөнүндө маалымат алууга; өтүнмөлөрдү кабыл алуу аяктаганга чейин белгиленген чектерде тандалган пайыздык ченди өзгөртүүгө; өтүнмөсү ырасталганга чейин каалаган убакта Акцияга катышуудан баш тартууга. Катышуучу төмөнкүлөргө милдеттүү: өтүнмөнү тариздөөдө анык маалыматтарды берүүгө; Банктын карыз алуучуларга карата талаптарына жооп берүүгө.

**11.2. Банктын укуктары жана милдеттери.** Банк төмөнкүлөргө укуктуу: ушул Эрежелерде белгиленген тартипте Акциянын шарттарын өзгөртүүгө, анын өткөрүлүшүн убактылуу токтотууга же токтотууга; Банктын ички жол-жоболорунда каралган бардык негиздер боюнча өтүнмөнү жактыруудан баш тартууга. Банк төмөнкүлөргө милдеттүү: ушул Эрежелерге ылайык күн сайын бөлүштүрүүнү жүргүзүүнү камсыз кылууга; катышуучуларга бөлүштүрүүнүн жыйынтыктары жөнүндө маалымдоого; Акцияны өткөрүүнүн жыйынтыктарын жарыялоого (12-бөлүмдү караңыз).

**12. Жыйынтыктоочу жоболор**

**12.1.** Банк ушул Эрежелерге өзгөртүүлөрдү жана/же толуктоолорду күчүнө киргенге чейин 1 календардык күн мурда алдын ала билдирүү менен киргизүү укугун өзүнө калтырат. Ушул Эрежелерге өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген учурда, өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор күчүнө киргенден кийин Кардардын онлайн-кредит алуу боюнча аракеттерди, ошондой эле башка аракеттерди жасашы тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду акцепттөө (кабыл алуу) болуп эсептелет жана Кардардын Банктын мобилдик тиркемесинде же расмий сайтында жайгаштырылган Эрежелердин колдонуудагы редакциясы менен таанышкандыгынын жетиштүү ырастоосу болуп саналат.

**12.2.** Банк Банктын ички жол-жоболоруна жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык, 1 календардык күндөн кечиктирбестен Акцияны мөөнөтүнөн мурда токтотууга же анын шарттарын өзгөртүүгө укуктуу.

**12.3.** Акцияга катышуу акциялык пайыздык чен боюнча онлайн-кредиттин жактырылышына кепилдик бербейт. Кредит берүү жөнүндө чечим Банктын колдонуудагы ички жол-жоболоруна жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык кабыл алынат.

**12.4.** Акцияны өткөрүүнүн жыйынтыктары (анын ичинде: берилген өтүнмөлөрдүн саны, жактырылган пайыздык чендердин диапазону, отчеттук мезгил ичинде Акциянын алкагында берилген кредиттердин жалпы көлөмү) Банктын расмий интернет-сайтында, ошондой эле Банктын кароосу боюнча Банктын башка коммуникациялык каналдарында жарыяланат. Жыйынтыктар жарыяланганда катышуучулардын жеке маалыматтары ачыкка чыгарылбайт.

**12.5.** Ушул Эрежелер Акция өткөрүлгөн бүткүл мөөнөт ичинде колдонулат.

**12.6.** Бардык талаштуу маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат.

**12.7.** Бардык суроолор боюнча Банктын байланыш борборуна кайрылуу зарыл.